# АТА-ЭНЕЛЕР МЕНЕН БАЙЛАНЫШ БЕКЕМДЕЛҮҮДӨ

Колдонмо информатика кафедрасында ата-энелер менен жолугушуу өткөрүлдү

Ош технологиялык университетинин Инновациялык маалымат технологиялар институтунун Колдонмо информатика кафедрасында студенттердин ата-энелери менен жолугушуу болуп өттү. Иш-чаранын максаты — ата-энелерге студенттердин окуу процесси, жетишкендиктери жана келечектеги мүмкүнчүлүктөрү тууралуу кеңири маалымат берүү болду.

Жолугушууда кафедра окутуучулары ата-энелерге студенттердин окуу программалары, сабактарга катышуусу, ийгиликтери жана кемчиликтери тууралуу маалымат беришти. Ошондой эле сессиялык рейтингдер, академиялык мобилдүүлүк программалары, иш берүүчүлөр менен кызматташуу жана бүтүрүүчүлөрдү жумушка орноштурууга байланышкан маселелер каралды.

Мындан сырткары, ата-энелерге ОшТУнун электрондук порталынын мүмкүнчүлүктөрү тааныштырылып, үйдөн чыкпай эле студенттин сабак жадыбалы, окууга катышуусу, сессиялык көрсөткүчтөрү жана окуу төлөмдөрү боюнча маалыматты онлайн режимде көзөмөлдөө жолдору көрсөтүлдү.


Жолугушуунун соңунда ата-энелер өздөрүн кызыктырган суроолорду берип, кафедра окутуучуларынан кеңири жооптор алышты.

Иш-чарага институттун директору, кафедра башчысы, окутуучулар, ата-энелер жана студенттер катышты. Жолугушууну Инновациялык маалымат технологиялар институтунун директору Меңди Арзыбаева ачып, окуу жайдын ишмердүүлүгү, билим берүү программалары жана ата-энелер менен кызматташуу багытындагы иштер тууралуу маалымат берди. Ошондой эле, ата-энелер менен биргеликте студенттердин окуу жетишүүсүн, тарбиясын жана келечектеги кесиптик өнүгүүсүн мындан ары да жакшыртуу боюнча багыттарды белгиледи.

Иш-чаранын жүрүшүндө окууда, спортто жана маданий-массалык иш-чараларда активдүүлүгүн көрсөткөн студенттердин ата-энелерине университеттин атынан ыраазычылык каттар тапшырылды. Мындан сырткары, студенттер тарабынан концерттик программа уюштурулду.

Жолугушуунун соңунда ата-энелер сөз сүйлөп, университет жетекчилигине жана окутуучулар жамаатына ыраазычылык билдиришти.


www.oshtu.kg
oshtu_official
Ош Технологиялык Университети
Ош технологиялык университети
Колдонмо информатика кафедрасында ата-энелер менен жолугушуу өткөрүлдү








Ош Технологиялык Университети
Инновациялык Маалымат Технологиялары
АТА-ЭНЕЛЕР
КОНФЕРЕНЦИЯСЫ
710300 - Колдонмо информатика
КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ


710300
Датасы:
Сааты: 13:00
КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ


Ош Технол
Инновациялы
АТА–ЭН
КОНФЕ
710300 - Колдонмо ин
Колдонмо информати
1-курстан 4-курска че
Датасы: 23-Октяб
Сааты: 13:00
КЫРГЫЗ
РЕСПУБЛИКАСЫ


АТА
КОН
710300
Датасы
Сааты:
КЫРГЫЗ
РЕСПУБЛИКАСЫ